**Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар**

**кеңешинин отурумунун**

**№ 5 ПРОТОКОЛУ**

**2023-жылдын 30-январы** **Ош шаары**

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы:** Айтикеев Т.К.

**Мүчөлөрү:** Абдыкулов М.О.,Үсөн уулу М., Алымбекова В., ж.б. окутуучулар.

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. Факультеттин тышкы байланыштарынын абалы. Ишке ашырылып жаткан кош дипломдуу “2+2” биргелешкен билим берүү программалары боюнча жүргүзүлүп жаткан иштердин абалы.
2. Бүтүрүүчүлөрдүн иш менен камсыз болуусунун абалы
3. Ар түрдүү маселелер.

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К.Айтикеев Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар кеңешинин курамы баары келгендигин билдирип, Окумуштуулар кеңешин баштоону добушка койду.

Макул – 15;
Каршы – жок;
Калыс – жок.
Окумуштуулар кеңешин баштоо бир добуш менен жактырылды.

1. **Факультеттин тышкы байланыштарынын абалы. Ишке ашырылып жаткан кош дипломдуу “2+2” биргелешкен билим берүү программалары боюнча жүргүзүлүп жаткан иштердин абалы.**

Кытай тили жана кытай таануу кафедрасынын окутуучу Акылбек уулу Эланбек Факультеттин тышкы байланыштарынын абалы. Ишке ашырылып жаткан кош дипломдуу “2+2” биргелешкен билим берүү программалары боюнча жүргүзүлүп жаткан иштердин абалы боюнча баяндама жасалды. Мында дүйнөдөгү эң мыкты ТОП 100 университеттердин катарына кирген Шанхай Цзяотун университети менен Кыргыз –Кытай факультети ортосунда (2+2) бюджеттик негизде жылына 20 орундуу окуу программасы тузулгөн. Бул окуу программага Кытай таануу жана Филология багыттарында окууп жаткан студентер HSK 4 деңгелинен 240 баадан жогорку баа алган гана студенттер бара ала тургандыгын айтылды. Ошону менен эле бирге окутуучу курамдын жайкы каникулда стажировка жана семинарларга катышуусу: 1.Квалификацияны жогорулатуу- 6 ай, 2 окутуучу, Шанхай Цзяотун университети 2.“Кытай тилин окутуу методикасы” семинар- 1 ай, 9 окутуучу, Кытай Борбордук университетине бара алары айтылды.

Эки тарап менен байланыш түзүлөру менен 2022-2023-окуу жылына жаңы кабыл алынган абитуриентке Шанхай Цзяотун университети 2 жумалык онлайн стажировка түзүлгөн. Түзүлгөн онлайн стажировкага Кытай таануу жана Филология багыттарына кабыл алынган 8 абитуриент ийгиликтүү катышып сертификат жана баалуу белектер менен сыйланышкан.

2022-2023- окуу жылында Кытайга онлайн стажировкага 11 студент, Казахтандын Гуманитардык Юридикалык Университетине 9 студент жана И. Гумилев атындагы Евразиялык Улуттук университет 2 студент жалпысынан 22 студент стажировкага кеткен.

**Студенттер арасында эл аралык жана университеттин деңгээлинде өткөн конкурстарга катышуусу:**

- **“Hanyu qiao” Кытай живописи жана каллиграфиясы(онлайн), 68 мамлекеттин студенттери катышкан.** ТОП 5 катышуучу номинациясы
Сабирова Ева- Кытай живописи
Кадырова Дилдора - Каллиграфия
- **Казахстандын Астана шаарында өткөн “Лучшие студенты СНГ” номинациясынын жеңүүчүлөрү**
Кадырова Мээрим жана Калысбек кызы Тансулуу
- **ОшМУ тарабынан уюштурулган “Студент жана илимий-техникалык прогресс” аттуу илимий конференция** 3-даражадагы диплом
Даниярбек уулу Амантур, Торобаева Мээрим кытышып ийгиликтерди багындырган.

Мындан сырткары Кыргыз- Кытай факультети менен Чжэцзян илимий технологиялык университети жана Ханькоу университеттери, “Информатика жана технологиялар” жана “Электрондук маалымат инженериясы” багытарынада (2+2) бюджеттик негизде келишим түзүлөрүн жана бул боюнча иш жүрүп жаткандыгы айтылды.

Андан соң Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К.Айтикеев Факультеттин тышкы байланыштарынын абалы. Ишке ашырылып жаткан кош дипломдуу “2+2” биргелешкен билим берүү программалары боюнча жасалган маалыматка толуктоолорду кылып андан соң 1-2-3 курстун студентерине толук маалымат берилүүсүн Акылбек уулу Эланбеке тапшырма берилди жана жогоруда жасалган баяндама канааттандырарлык деп табылуусун добушка койду.

Макул – 15;
Каршы – жок;
Калыс – жок.

Бир добуш менен айтылган баяндама канааттандырарлык деп табылды.

2. **Бүтүрүүчүлөрдүн иш менен камсыз болуусунун абалы.**

“Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын окутуучусу, Мухтарбек уулу Зияулхак Бүтүрүүчүлөрдүн иш менен камсыз болуусунун абалы боюнча баяндама жасады. Мында 2021-2022- окуу жылында Факультетин магистратура бөлүмүнөн жалпы 12 студент аяктаган. “Лингвистика” багытынан 6 студент, анын ичинен 4 студент кесиби боюнча, 1 студент кесиби боюнча эмес, 1 жумушсуз. “Кытай таануу” багытынан 6 студент, 3 студент кесиби боюнча, 1 студент кесиби боюнча эмес, 2 жумушсуз.

Бакалавр бөлүмүнөн жалпысынан 50 студен аяктаган. “Кытай таануу” багытында 17 студент, анын ичинен 13 студент кесиби боюнча, 1 студент Кытай жергесинде магистратурада окуup жатат ал эми 3 студент кесиби боюнча эмес. “Лингвистика” багытында 33 студент анын ичинен 19 студент кесиби боюнча, 6 студент Кытай жергесинде магистратурада окуup жатат, ал эми 5 студент кесиби боюнча эмес, 3 студент жумушсуз. Жалпылап караганда бүтүрүүчүлөрдүн жогорку пайызы өз кесиби менен иштешүүдө айта турган болсок бул жакшы көрунуш. Дагыда Кыргыз-Кытай факультетинин бүтүрүүчүлөрүнүн жумуш менен камсыз болушун жакшыртууга жардам берүүчү төмөндөгү сунуштарды айты.

Практикалык көндүмдөрдү өнүктүрүү: Университеттер студенттерине практикалык көндүмдөрдү жана иш тажрыйбасын алуу мүмкүнчүлүгүн берүү үчүн компаниялар менен өнөктөш боло алышат. Окуу планында студенттин келечектеги кесиби үчүн пайдалуу предметтер камтылганы да маанилүү.

Кесиптик багыт берүү боюнча тренинг: Университеттер студенттерге келечектеги карьерасын чечүүгө жардам берүү үчүн кесипке багыт берүү программаларын иштетиши мүмкүн. Студенттер эмгек рыногунун учурдагы талаптары менен таанышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу да маанилүү.

Иш берүүчүлөр менен байланыштар: Университеттер бүтүрүүчүлөргө жумуш сунуштай турган компаниялар менен тыгыз байланыш түзө алышат. Бул стажировка программалары, бизнес өнөктөштүгү ж.б.у.с. аркылуу болушу мүмкүн.

Жумуш издөө көндүмдөрүн өнүктүрүү: Колледждер студенттерге жумуш издөө көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жардам берет, анын ичинде резюме жазуу, интервьюга даярдануу, профессионалдык социалдык медиа профилин түзүү жана башкалар.

Тармакты өнүктүрүү: Университеттер бүтүрүүчүлөр үчүн тажрыйба алмашуу жана жаңы жумуш мүмкүнчүлүктөрүн үйрөнүү үчүн аянтчаларды түзө алышат. Ошондой эле бүтүрүүчүлөр менен иш берүүчүлөрдүн ортосундагы байланышты өнүктүрүү маанилүү.

Жалпысынан ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүн ишке орноштурууну жакшыртуу университеттердин, студенттердин жана иш берүүчүлөрдүн ортосундагы комплекстүү мамилени жана кызматташууну талап кылынары айтылды.

Окумуштуулар кеңешинин курамы айтылган сунуштарды биргеликте талкууга алып айтылган сунуштарды колдошту. Андан соң төрага Т.К. Айтикеев "Бүтүрүүчүлөрдүн иш менен камсыз болуусунун абалы" боюнча баядаманы канааттандырарлык деп табылуусун жана берилген сунуштарды кабыл алуусун добушка койду.

Макул – 15;
Каршы – жок;
Калыс – жок.

Бир добуш менен баяндама канааттандырарлык деп табылды жана айтылган сунуш кабыл алынды.

3. **Ар түрдүү маселелер**

1. Төрага Т.К. Айтикеев Көз карандысыз акредитациядан өтүүнү эскертип, Окумуштуулар кеңешинин курамына жана жумушчу топко даярдыктарды тездетүүнү айты.
2. Төрага Т.К. Айтикеев ар бир окутуучу SCOPUSка 1-статья жазып чыгарылышы зарылдын эскерти.
3. Төрага Т.К. Айтикеев 2023-жылдын1-февралына чейин айтылган китептер каторулуп жазылып бүтүрү тийиштигин айты.
4. Төрага Т.К. Айтикеев факультетин практика бөлүмүнүн башчысы Пазылов Т. Практикада өтөп келгендерди жана практика чыга тургандарды көзөмөлдөнүшүн эскертип, күндөлүктөргө компетенцияларды кошуп оңдоп, жакшыртып, даярдоо тапшырмасы берилди.
5. "Кытай тили жана кытай таануу" кафедрасынын окутуучусу, Мухтарбек уулу Зияулхак факультетин "Бүтүрүүчүлөрүнө канчалык деңгелде билим ала алды жана өзүнүн адистиги боюнча иштегендигин" аныктоочу сурамжылоо түзүлүп бүтүрүүчүлөргө жиберилип, 91 бүтүрүүчү толтургандыгы айтылда. Алынган сурамжулоону караганда, Бүтүрүүчүлөрдүн алган билими толук деңгелде канааттандырарлыгы 53.8% түзгөн. Өзүнүн адистиги боюнча иштегендиги 63.7% Практиканын негизинде жумуш тапкандар 48.4% көрсөткөндүгү айтылган.

   Андан соң төрага Т.К. Айтикеев Жумуш берүүчүлөрдү Кыргыз- Кытай факультетинин студентерине жана бүтүрүүчүлөрүрүнө болгон талаптарды аныктоочу сурамжылоо түзүлушун сунуштан аны ОКнин жалпы курамына добушка койду

   Макул – 15;
   Каршы – жок;
   Калыс – жок.
   Бир добуш менен жана айтылган сунуш кабыл алынды

Жогоруда айтылган 4 маселе боюнча ОКнин жалпы курамы төраганы бир добуштан толук колдошту

*Күн тартибиндеги маселелерди карап чыгып,*

**Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар**

**КЕҢЕШИ токтом кылат:**

1. Факультеттин тышкы байланыштарынын абалы. Ишке ашырылып жаткан кош дипломдуу “2+2” биргелешкен билим берүү программалары боюнча жүргүзүлүп жаткан иштердин абалы боюнча жасалган баяндама канааттандырарлык деп табылсын жана айтылган сунуш аткарылсын.
2. Бүтүрүүчүлөрдүн иш менен камсыз болуусунун абалы боюнча жасалган баяндама канааттандырарлык деп табылсын жана айтылган сунуштар аткарылсын.
3. Көз карандысыз акредитациядан өтүүгө даярдыктар тездетилсин.
4. Ар бир окутуучу SCOPUSка 1-статья жазып чыгарылышы каралсын.
5. Факультетин практика бөлүмүнүн башчысы Пазылов Тыныстан. Практикада өтөп келгендерди, практика чыга тургандарды көзөмөлдөсүн жана күндөлүктөргө оңдо, түзөтүүлөр киргизилсин.
6. “Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын окутуучусу, Мухтарбек уулу Зияулхак факультетин “Бүтүрүүчүлөрүнө канчалык деңгелде билим ала алды жана өзүнүн адистиги боюнча иштегендигин” аныктоочу сурамжылоо боюнча берилген маалымат канааттандырарлык деп табылсын жана айтылган сунуш аткарылсын..

**Кыргыз-Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: Т.К. Айтикеев**

**Кыргыз-Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин катчысы: М.М. Таштанова**